**“Кант жана Кара-Балта аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерин жана курамдарын түзүү жөнүндө” токтомдун долбооруна маалымкат-негиздеме**

“Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги администрациялык-аймактык бирдиктер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 18-июлундагы № 128 Мыйзамына ылайык, Чүй облусунун Кант жана Кара-Балта шаарларына облустук маанидеги шаарлардын статусу берилген.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 25-июлундагы №91 токтому менен шайлоону уюштуруу жана өткөрүү үчүн Чүй облусунун Кант жана Кара-Балта шаарларында Кант жана Кара-Балта аймактык шайлоо комиссиялары түзүлгөн.

2024-жылдын 5-августунда Кант жана Кара-Балта аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерине жана курамдарына жарандардан жана саясий партиялардан документтерди кабыл алуусу боюнча кайрылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланган.

Кайрылуунун негизинде БШКга жалпы **41 талапкерлердин** документтери келип түштү, алардын ичинен **5 адам саясий партиялардан (**«Республика», «Улуу-Журт», Ыйман Нуру», «Альянс», «Ишеним»).

Кант АШКнын курамына – 2 адам («Республика», «Улуу-Журт»), Кара-Балта АШКнын курамына – 3 адам («Ыйман Нуру», «Альянс», «Ишеним»).

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын** документтери тиешелүү жергиликтүү кеңештердин сессияларында каралгандыгына жараша кабыл алынды. Бардыгы болуп **36 адамдын** документи тапшырылган. Кант АШКсына – 17 адам, Кара-Балта АШКсына – 19 адам.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин нормаларына ылайык «Тундук» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу көрсөтүлгөн талапкерлердин соттуулугунун бар-жоктугу текшерилди. Көрсөтүлгөн талапкерлердин терс негиздер боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөлүгүнөн мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдардын тизмесине кирбегендигине да текшерүү жүргүзүлдү. Мындан тышкары, талапкерлердин шайлоо системасындагы тажрыйбалары, алар жашаган жерлердин географиялык абалы, билимдери сыяктуу критерийлер эске алынды.

Саясий партиялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерине талапкерлерден келип түшкөн документтерди объективдүү жана тыкыр кароо максатында жумушчу топту түзүү жөнүндө 2024-жылдын 13-августунда № 50/НК буйрук чыгарылган.

Көрсөтүлгөн талапкерлердин шайлоо мыйзамдарынын ченемдерине ылайыктыгы 2024-жылдын 2-сентябрында Жумушчу топтун жыйналышында каралды. Кароонун натыйжалары боюнча Кант жана Кара-Балта аймактык шайлоо комиссияларынын резердерине жана курамдарына жалпы **41 адам** киргизилүүдө.

Жогоруда баяндалгандардын  негизинде бул токтомдун долбоору менен Кант жана Кара-Балта аймактык шайлоо комиссияларынын резервдерин жана курамдарын түзүү сунушталууда.